**УДК 821.512.154:398**

**САЙПЕДИН ЫСАК, КЕЛДИБЕКОВ БАКТЫБЕК ТОРОБЕКОВИЧ**
Ж. Балалсагын атындагы КУУ,
Эл аралык маданий алмашуу институту, Түндүк-Батыш педагогикалык университети
**САЙПЕДИН ЫСАК, КЕЛДИБЕКОВ БАКТЫБЕК ТОРОБЕКОВИЧ**
КНУ им. Ж. Баласагына,
Институт международного культурного обмена, Северо-Западный педагогический университет
**KELDIBEKOV BAKTYBEK TOROBEKOVICH, CAIFUDING YISHAKE**
KNU J. Balasagin,Institute of International Cultural Exchange, Northwest Normal University

# КЫТАЙ ПАМИРИНДЕГИ МАНАСЧЫЛАРДЫН МАНАС АЙТУУ ӨНӨРҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## ОСОБЕННОСТИ ПОВЕСТВОВАТЕЛЬНОГО ИСКУССТВА СКАЗИТЕЛЕЙ КИТАЙСКОГО ПАМИРА

## FEATURES OF THE NARRATIVE ART OF THE STORYTELLERS OF THE CHINESE PAMIR

**Аннотация:** «Манас» эпосу кыргыз эли жашаган жерлерде кеңири таралып уланып келген. Алтүгүл боордош элдер арасында да «Манас» айткандар болгон. Эл ичинде «кыргыз бар жерде манас бар» деген кеп ушундан улам айтылган. Памыр кыргыздары айткан
«Манас» эпосу эпосчулук жөрөлгөсүндө тил эрекчелиги, ооз-эки формада үйрөнүп улантуучулугу, аткаруучулук ыргагынын бир келки болуусу, кээбир окуялыктардын, мутивдердин, кейипкерлердин аттарынын окшобостугу жана кара сөз формасында чечмелеп айтуу сыяктуу өзгөчөлүктөрү менен айрыкча орунда турат. Макалада памыр кыргыздарынын
«Манас» эпосчулук жөрөлгөсүнүн тамчысы катары Жусуп кенже аксакалдын манасчылык өнөрүн тааныштыруу менен бирге анын вариантынын өзгөчөктөрүнө азын-оолак талдоо жүргүзүлөт.

**Аннотация:** Эпос “Манас” широко распространен на земле кыргызского народа. Даже среди братских народов есть сказители эпоса «Манас». Поэтому в народе говорится:
«где есть кыргыз, там есть «Манас»». Эпос «Манас», повествующийся сказителями памирских кыргызов отличается языковой особенностью, заучиванием в устной форме содержания эпоса, монотонностью при исполнении, не похожестью некоторых сюжетов, мотивов и имен персонажей, а также тем, что сказание сопровождается толкованием сюжета прозой. И этим оно занимает особое место. В статье идет речь о мастерстве сказителей эпоса
«Манас» памирских кыргызов, где как пример приводится мастерство сказителя Жусуп кенже и ведется небольшой анализ его вариантов.

**Annotation:** The Epic “Manas” is widely common in the earth of Kyrgyz people. Even among fraternal people there are storytellers the Epic “Manas”. Consequently the people say: Where there is a Kyrgyz, there is a “Manas”. The epic “Manas” narrated by storytellers of Pamir Kyrgyz, is differ language feature, memorization of the epic content in oral form, monotony in execution, it doesn’t look like some plots, motives and names of characters, as well as the a fact that the legend is accompanied by an interpretation of the plot in prose. And this is occupies a special place. The article deals with the mastery of the storytellers of the epic “Manas” of the Pamir Kyrgyz, where the mastery of the storytellers Zhusupkenzhe is given as an example and a small analysis of variants is a conducted.

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу; Жусуп кенже; вариант; окуялык; мотив**Ключевые слова:** эпос «Манас»; Жусуп кенже; вариант; сюжет, мотив **Key words:** epic “Manas”; Zhusup kenzhe; plot, motive.

Изденүү чийири

Адамзат жаралгандан бери жер үстүндө көптөгөн өзгөрүүлөр болуп улам жаңыланып тарыхтын чаркы токтосуз илгерлеп турду. Адамдар жер жүзүндө тирчилик кылуу барышында улуу табият менен күрөшүп өзгөртүп, албан түрдүү маданияттарди жаратып жер шаары маданияттулугуна тийешелүү салымдарын кошуп келишти. Албетте, карт тарыхты басып өтүп эл арсында урпактан урпакка ооз-еки формада уланып XXI-кылымга чейин жетип келген окян сындуу чалкыган «манас» эпосу кыргыздардын адамзаттын маданиятина кошкон зор эмгеги саналат. Анткени кыргыздар «манас» эпосу жаралгандан баштап ага өздөрүнүн турмуш тирчилигин, тарыхын, тилин, үрп-адатын, философиясын жана башка баардык жактарын жомокчулар, манасчылар аркалуу бул «маданият кампасы»на жыйнашкан. Ошондуктан кыргыз эл арасында түрдүү жерлерде жашап «манас», санжыра, уламыш, жөө жомок ж. б айтып тарыхтын сахнасын дүрүлдөткөн алптар өткөн. Ошондой эле алардан албан түрдүү мурастар калган. Мына ошолордун бири манасчылар болгон. Алар манасчылык жөрөлгөсү барышында өздөрүнүн кан-терин сыңдырып, уламдан улам толуктап огобетер кемелдендирип, көлөмүн ансайын улуулатып түрдүү варыянттарын жарыкка чыгарышкан. Кыргыз элинин ооз-эки чыгармачылык барышында көркөм чыгарманын кунун аздиктөө менен катар ошол ата мурасты сактаган, уланткан, түрдүү варыянттарын жараткан өнөрпоздорду да жогору баалап зоболосун бийиктетип адамзат маданиятина кошкон салымын барктай билүүбүз абдан зарыл. Элибизде «манас» эпосунун көптөгөн варыянттары бар болуп аркайсы варыянттар өзалдинча эрекчеликтери бар. Бул варыянттарды дагы бир кадам илгерлеп топтоо, иреттөө, салыштыруу элдик ооз адабият чыгармачылыкты байытуу, элдин рооху турмушун молдоштуруу жактардан кунарга ээ. Төмөндө биз кытай кыргыздары тескей тоо кыргыздарнын өкүлү сыңары памыр бөксөлөрүндө уюткуланган жусуп кенже аксакал айткан «манас» эпосунун варыянтын талкуу кылып көрөлү. Ырамандын ырчы уулунан баштап азырга чейин «манас» эпосу ооздон-оозго уланып уламдан-улам молдошуп, көп кырлуу, мол мазмундуу окиян сындуу чыгармага айлануу барышында жомокчулар, күйөрмандар, «манас» таанууччулар, изилдөөчүлөр жыйнап иреттеп тийешелүү изилдөөсүн алыпбарып эпостун сакталуусу, кемелденүүсү, баюусунда анын ички турпатын түшүүнүүдө маңыздуу эмгектерди кошушту. Аталган эпостун чийки матырыялдарын топтоо жагынан талкууга байланыштуу изилдөө алыпаргандардан кызылсуу областык маданият идарасинан байланыштуу кишилер 2010-жылы жусуп кенженин айткан манасын (кагаз бетине түшүргөн нускасын) жана башка матырыялдарын жыйнап кетишкен. Ошол жылдары шинжаң педагокка унвирстетинин пырафосору, манас изилдөөчү мамбеттурду мамбетакун манасчы жусуп кенженин журту актоо ооданы моожу айлына барып бир канча күндүк аңгемеде бирге болуп байланыштуу матырыялдарды жыйнап алган. 2004-жылы лаңйың айым менен борбордук улуттар унвирстетинин перафсору токтобүбү ысак кыз актоо ооданы булуңкөл айылындакы савыт максум дан «манас» эпосун жазып алышы«манас» эпосунун памыр варыянтындакы чийки матырыялдарды чогултууда белгилүү маңызы болгон.2014-жылы жай айларында шинжаң педагокка унвирстетинин пырафосору, манас изилдөөчү мамбеттурду мамбетакун экинчи жолуу манасчы жусуп кенженин журтуна барып бир канча күндүк аңгемеде бирге болуп байланыштуу матырыялдарды жыйнап алган.Ушул жылы мендакы аксакал менен бир канча күн бирге болуп кенен майек куруп анын манасчылыгына болгон алгачкы таанымды жетилдирдим.Ошондой эле ал айткан манасты тыңшооч калемге алдырып алдым. 1990- жылдан баштап аксакал өзү сымкана, акчый, улучат, артыш, үрүмчү, актоо, моожу, кызылтоо, булуңкөл сыяктуу айыл, оодан, шаарларда өткөзүлгөн манаска байланыштуу кыймылдарга акитип катнашып айрым-айрым 1-,2-,3- даражалуу сыйлыктарын утуп алган.

Ал атайын белгиленген кыймылдарда гана манас айтып калбай, айылдарда, мектептерде жана башка соорундарда да манас айтып окуучуларга, карапайым калыкка манас эпосун сактоо, жайылтуу боюнча өзүнүн бир кишилик күчүн кошуп келген.Назариялык жана илмий изилдөө тарабынан лаңйың айым «манас» таануу деген илимий эмгеги(1999-жыл ички моңгул унвирстет басмасы) менен«манас» эпосуна назарыялык жактан жан - жактылуу талкуу алыпбарып эпостун кытайда изилдөөнүсүнүн көшөгөсүн ачты. 1970-жылы франсыялык окумуштуу ремий дор ооган кыргыздарынан атап айтканда ашым апыз деген кишиден манастан үзүндү жазып алып илмий талкуу жүргүзүп памыр кыргыздарынын манасчылык жөрөлгөсүнүн тушоосун кыйып памыр кыргыздары тактаганда жусуп кенже айткан эпосту талкуу кылууда байланыштуу матырыялдар менен камдаган. 1997-жылы шинжаң педагокка унвирстетинин пырафосору, манас изилдөөчү мамбеттурду мамбетакун «манас эпосунун варыянттары жана аткаруучулук», «кыргыз ооз- эки адабиятинин памыр мектеби»деген эмгектеринде «манас» эпосунун паамыр варыянтына жанжактылуу ылмый талкуу алыпбарган. Ошондой эле кыргызыстан ош облусу, тажикистандин жерге тал раёну, ооганыстандын паамыр тоо кыркаларында, элибиздин тескей тоо өңүрү атаганда кеңкол, сарыкол жергелеринде «манас» тын айрыкча бир варыянты калыпташканын тактаган[ ]. 2009-жылы кытай коомдук илимдер акедемиясинин акедемиги, перафисор адыл жуматурду «баатырдык эпос жана ооз-эки салыт» аттуу эмгегинде «манас» эпосунун памыр варыянтынын эрекче орунда тура турганын өзгөчө аткаруучулук ыкымынын бардыгын эскерткен[ ]. 2012-жылы борбордук улуттар унвирстетинин жаңдың жың, мыяв доңша сыяктуулар бирлешип түзгөн «орто азыя элдеринин тил маданыят изилдөөсү» аттуу эмгекте аталган мектептин перафсору токтобүбү ысак кызы «памырдын түпкүрүндө сакталган манас» деген илимий макаласында манас эпосунун паамыр варыянтына тереңдеп ойтолгоо алыпбарган. Ошондой эле аталган варыянттын тактыгы туурасында бул топтоку манас варыянтынын окуялыктарынын көлөмүнүн окшоштугу, маңыздуу окуялыктардын болбостугу айтуучулардын жаш курамынын бирдей орто жаш болуусун далыл келтирип күмөндүү көз караштарды ортого коюп манас эпосун топтоо, изилдөөдө салмак ары чечен мамиле де болууну баса белгилеген.

I жусуп кенженин кыскача манасчылык өмүр жолуу жана ал айткан «манас» эпосунун негизги мазмууну

Жусуп кенже 1949-жылы 8- айдын 19-күнү КЭР Шинжаң автономиялуу раёну Кызылсуу кыргыз автоном облусу Актоо ооданы Моожу айылы Күнтийбес кыштагында жарык дүйнөгө көз ачкан.Найман урусунун жээрде уругунан. 1957-жылгача үй-бүлөө тарбиясинда болгон. 1957-жылдан 1962-жылга чейин баштооч мектепти окуган. Ал бала кезинен баштап эле эл арасындакы жөө жомок, дастан, эпос, өлөң сыяктуу эл ооз адабият жаанырларына өтө берилип шыктанып үйрөнгөн. Анын устаты бактакун деген эл арасындакы чоң окумуштуу ары куйма кулак киши болгон. Ал киши жөө жомок, дастан, эпос, өлөң сыяктууларды билип эле калбай санжыра,таарых билимдерин жакшы билген. Жусуп кенже ошол кездеги турмуштун айынан устатыга жардамдашып тезек терип, отун алышып суусун ташышып соңунда бекем ээрчип үч жылдан ашуун үйрөнгөн. Жусуп кенженин устаты бактакун, анын устазы берк, анын устазы кармышак (бериктин чоң атасы). Бактакун шагирти жусуп кенжениээрчитип айыл аралап аш -тойлордо эпос, дастан, өлөң айтып элдин жарпыны жазып, шагиртинин өсүп жетилүүсүнө чоң демөөр болгон. Бактакун манасчы 84 жашында жарык дүйнө менен коштошкон. Устазынын өлөмү жусуп кенжеге катуу оор келген болсодакы ал өзүнүн кесибин оттой кызуу сүйүп, мурдакы үйрөнгөндөрүн ансайын бышыктап кемелдендирип, эл аралап, журт аттап манас айтып элге таанылa баштаган. Ал доордун муктаждыгы себептүү маданият көңтөрүшүндөкү он жылда манас айтуудан калгандыгын эсепке албаганда кырык жылга жуук манас айтып элдин көөнүнөн тереңорун алып элдин кызуу алкоосуна татыктуу болгон. Араң 1989- жылы ырасымый тизимге алынып архиптештирилген. 1990- жылдан баштап Сымкана, Акчий, Улучат, Артыш, Үрүмчү, Актоо, Моожу, Кызылтоо, Булуңкөл сыяктуу айыл, оодан, шаарларда өткөзүлгөн манаска байланыштуу кыймылдарга акитип катнашып айрым-айрым 1-,2-,3-даражалуу сыйлыктарын

утуп алган. Ал атайын белгиленген кыймылдарда гана манас айтып калбай, айылдарда, мектептерде жана башка соорундарда да манас айтып окуучуларга, карапайым калыкка манас эпосун сактоо, жайылтуу боюнча өзүнүн бир кишилик күчүн кошуп келүүдө.

Жусуп кенже манас эпосунун роохун өзүнүн сакадай болгон боюна жашырып, бир тыйында өкүмөттөн талап кылбастан аксыз түрдө жаш жеткинчектерге, шагирттерине үйрөтүп, кыргыз элинин маданият иштеринин гүлдөп өркүндөөсүнө үн-түнсүз салым кошуп келди. Ал негизинен «манас» эпосунан «манас», «семетей» бөлүмдөрүн айткандан тышкары «курманбек», «төштүк», «жалайыр», «кызжибек», «гөр уулу», «кошойдун балалы к кези» сыяктуу кенже эпосторду да айтат, эл арасындакы жөө жомоктон алтымыштан ашуунун билет. Ал манас эпосун жаныр жактан ыр жана кара сөз боюнча чечмелеп айтуу формасы, мазмун жактан окуялыктын жана кейипкер аттарынын окшобостугу менен башка манасчылардан абдан эле айрымаланып турат. Көктөкү айыл деп наам алган моожу айлындакы бул карыянын алмадай башына сакталган «манас» эпосунун бул варыянты жергиликтүү эл жашоо чөйрөсүнүн таталдыгы, каттоо жолунун начарлыгы себептүү «манас» эпосунун эң байыркы, эң накай, ооз-эки тилдеки формасын сактап келген.«манас» эпосунун ооз-эки тирүү формасын сактап калуу жана жайылтууну ыйык милдети катары аркалап келген бул аксакалдын азыр жыйырмадан ашуун чоң кичи шагирти бар.Анын илмий эмгектери негизинен «манас», «семетей» эпостору жана элдик жөө жомокторду тегеректеген болуп түрдү себептер айынан азырга чейин жарыкка чыга элек.

II памыр манасчылары айткан «манас» эпосунун эрекчелектери

«манас» эпосу кыргыз эли менен бирге кылым кыдырып, жер сыдырып, башына бакыт кушу конгон кезинде да, тагдыры оор кезеңге капташып журт которуп сарсан болгондо да элдин оозунан түшпөй, бакытка шардан, кайгыга демөөр болуп келгенин «манас»тын чет мамлекетке чачыранды болуп кеткен кыргыздар арасындагы варыянттарынан[ ] жана кытай тескей тоо кыргыздар арасынан чыккан жусуп кенже аксакалдын айткан айтымынан анык баамдайбыз.Төмөндө Биз жусуп кенже айткан манасты өкүл кылып бир канча жактан салыштырып талкуу кылып көрөлүү.

1- окуялыктардакы айрымдык

Биз жусуп кенже айткан манастын окуялыктарын жүсүп мамай варыянты, сагынбай орозбак варыянтындакы окуялыктар менен салыштырып көрөлү.

№ Жүсүп мамай варианты Сагынбай орозбак варианты Жусуп кенже айтымы

1 жомок башы манастын түпкү аталары кан жакыптын туулушу

2 кыргыздардын таралышы чапкынчылардын кыргыздарды кул кылышы кан жакыптын бай болушу

3 алоокенин кыргыздарды чабышы жакып, чыйырдынын түшү жакыптын кан болушу

4 Кардыгачтын туулушу,жакыптын магдымды алышы манастын төрөлүшү манастын туулушу

5 манастын төрөлүшү манаска ат коюу манаска жентек той берүү

6 манастын турпанда эгин эгиши манастын балалык чагы манастын балалык чагы жана көкчө менен достошуусу

7 жакыптын кандык алышы, аккулага ээ болушу жакыптын манасты ошпур койчугабериши калмактардин кыргыздарды кордошу

8 манастын балта дөөгө барышы манастын эсенкандин тыңчысын өлтүрүшү кыргыздардин алтайдан тарап кетиши

9 манастын кошойго конок болушу манас менен нескаранин беттешкени аккуланин баяны

10 манастын жамгырчы жана шыгай менен көрүшкөнү манастын кан көтөрүлүшү кан жакыптын кең таласка барышы

11 манастын бакай, айкожо, бөлөкбай менен жолугушусу жакыптын элди жыйып кеңешсалып анжыянга көчүшү манас менен бакайдын достошуусу

12 манастын түрдүү каруу-жарактарга ээ болушу манастын текесканды жеңиши мактымдын төрөшү

13 кырык чоронун куралышы манастын кыз сайкал менен көрүшүүсү эшендердин манаска аккелте менен ач албарс кылычты бериши
14 манастын оорагы манастын акунбешимди жеңиши манастын кан шыгайга жардам бериши
15 баатыр манастын көңтөйдү сайышы манастын кыргыздарды баштап алтайдан ала тоого көчүшүманастын нөкөр(чоро) жыйнашы
16 манастын кан көтөрүлүшү манастын шорукту сайып накылайды алышы манас менен накылайдын тою
17 манастын шорукту сайып накылайды алыши алоокенин манастан жеңилиши манас баатырдын талас баатыр менен согушканы
18 манастын бадикөлдү жеңип кордолгон элди куткаруусу алманбеттин жомогу манастын ордо салып кан болушу
19 манастын калмак баатырларын сайишы көкчөнүн алманбет менен араздашуусу манастын алтайга барып калмактардан өчүн алышы
20 манастын коконго жүрүш кылганы манастын түшү манас менен канкейдин тою
21 манас менен канкейдин тою манас менен кырык чоронун ууга чыгыши алманбеттин баяны
22 көкөтөйдүн ашы алманбеттин көкчөдөн кетип манаска кошулушу тозмурундун(бок мурун) атасына аш берүүсү
23 аш кеңеши манастын алманбетти күтүп алышы алты кандын манаска элчи жумшашы
24 ар уруу элдин ашка чакырылышы манастын тою манастын бейжинге аттанышы
25 өткөн кечкендердин ашка келиши көкөтөйдүн ашы баатырлардын чалгыны
26 коңурбайдын эрдемсип ашты бузушу аш кеңеши чоң казаттын башталышы
27 бокмуруңдун манасты ашка чакыруусу бокмуруңдун айдарды ар уруу элди ашка чакырууга жумшаганы коңурбайдын качышы
28 аш кезиндеки түрдүү оюндардан чыккан чуу өткөн - кечкендердин ашка келиши манастын чын каканды алышы
29 көкчөкөздүн манасты жашырын жараландырышы коңурбайдын мааникерди зордуктап тартып алышы коңурбайдын манасты жараландырышы
30 канкейдин манастын жарасын айыктырышы ат чабыш, жамбы атуу баатырлардын өлүмү
31 манастын айжаңжүңдү жеңип манас шаарын салышы кошой менен жолойдун күрөшү манастын таласка келип оо дүйнөгө сапар алышы жана узатуу
32 манастын калдайга жортуулу манас менен коңурбайдын сайышы манастын гүмбөзүнүн салынышы
33 алманбеттин жомогу кытай менен калмактын олжо талашып жаңжалдаши семетейдин балалык чагы элин табышы
34 көкчөнүн алманбет менен араздашуусу чоң казат чынкоко менен толтойдун акунхан шаарын басып алуусу
35 манастын түшү кандардин манаска элчи жибериши айчүрөктүн семетейди издеши
36 алманбеттин манаска келиши манастын кандар менен кеңеши айчүрөктүн акшумкарды алып качуусу
37 алманбеттин аруукеге сөйкө салышы манастын кол баштап бейжинге аттануусу семетейдин үргөнчкө барышы
38 манастын чыначыны жеңиши канкейдин аттанардакы наасати семетейдин айчүрөктү алышы
39 алманбеттин көкчөкөздү өлтүрүшү жол үстүндө семетейдин чынкоко менен толтойду өлтүрүшү

40 манас менен акункандын бел куда болушу алманбет менен сыргактын бейжинге чалгыни семетейдин айчүрөктү алып таласка кетиши

41 чоң казат алманбеттин жоолордун жылкысын айдап келүүсү

42 манастын он төрт канды чогултуп кеңеш салышы коңурбайды кубалап өлтүрүү

43 канкейдин насааты сыргактын келип кабар жеткириши

44 манастын бейжинге кириши манастын алгачкы алгачкы ийгиликтерге кол жеткириши

45 жол үстүндө манас менен акункандын бел куда болушу

46 коңурбайдын канаттуу кабарчысын колго түшүрүү манастын мекеге аажыга барышы

47 алманбет менен чубактын чатагы калмак менен кытайлардын кыргыздарды чабышы

48 алманбеттин чубакка жер таанытуусу чоң кыргын

49 баатырлардын алгачкы кармаштары манастын мекеден кайтып согушка киришкени

50 алгачкы ийгиликтер манаска жашыруун ок тийип жарадануусу

51 коңурбайдын манасты жаралandырышы манастын гүмбөзүнүн салынышы

52 эң акыркы таймаш

53 баатырлардын өлүмү

54 манастын дүйнөдөн кайтышы

«манас» эпосунун биринчи бөлүм окуялыктарынан жогорудакы гирафиктен жүсүп мамай варыянтында 54 төрт майда окуялык, сагынбай орозбак варыянтында 51 майда окуялыкжусуп кенже айткан манаста болсо 32 майда окуялык болуп алдынкы экөөнүн болжол менен жартысына барабар келетурганин көрүп алабыз. Албетте бул түрдүү майда окуялыктарга бөлүү бир түрдүү өз мейлинчиликке ээ жана окуялыктын орундаштырылышы жагынан көптөгөн айрымалыктар болсодакы жалпы жонунан окуялыктын негизги жагдайын көрсөтүп бере алат. Алды менен биз бул үч айтымдын орток окуялыктарын көрүп өтөлүү.

№ жүсүп мамай варыянты сагынбай орозбак варыянты жусуп кенже айтымы

1 алоокенин кыргыздарды чабышы чапкынчылардын кыргыздарды кул кылышы калмактардын кыргыздарды кордошу

2 манастын төрөлүшү манастын төрөлүшү манастын төрөлүшү

3 манаска ат коюу(жогоруда гирафикте берилбеген) манаска ат коюу манаска ат коюу

4 кыргыздарын энесайдан көчүшү кыргыздардин чачилиши(гирафикте берилбеген) кыргыздардин алтайдан тарап кетиши

5 манастын кан көтөрүлүшү манастын кан көтөрүлүшү манастын кан көтөрүлүшү

6 манас менен канкейдин тою манас менен канкейдин тою манас менен канкейдин тою

7 манастын түшү алманбеттин келиши манастын түшү алманбеттин келиши манастын түшү алманбеттин келиши

8 көкөтөйдүн аши көкөтөйдүн ашы тоз мурундун атасына аш берүүсү

9 манастын он төрт канды чогултуп кеңеш салышы кандардын манаска элчи жумшашы жана кеңеши алти кандын манаска элчи жумшашы

10 манастын бейжинге аттанышы манастын кол баштап бейжинге аттануусу манастын бейжинге аттанышы

11 чалгын чалуу алманбет менен сыргактын бейжинге чалгыны баатырлардын чалгыны

12 чоң казат чоң казат чоң казаттын башталышы

13 манастын бейжинди алышы манастын бейжинди алышы(жогоруда гирафикте берилбеген) манастын чын каканды алышы

14 манастын жараланышы манаска жашыруун ок тийип жарадануусу коңурбайдын манасты жаралandырышы

15 баатырлардын өлүмү баатирлардин өлүмү(жогоруда гирафикте берилбеген) баатирлардин өлүмү

16 манастын гүмбөзүнүн салынышы манастын гүмбөзүнүн салынышы манастын гүмбөзүнүн салынышы

Окуялыктарды орундаштыруу, түргө бөлүү сыяктуу жактардан өзүнөө таан эрекчеликтерге ээ болгондуктан жогоруда бул үч варыянттын негизги окуялыктары гана салыштырылды. Салыштыруулардан он алты айланасында эпостун сөөгүн түзгөн чоң окуялыктын ортоктугу бар экенин көрүп алабыз. Бул ортоктук ааламга тааруудай чачылып жер тандабай өсө берген чөп сыяк жашап келген кажбас кайраттуу калың кыргыз элинин орток байлыгы болуп бир булактан сызылып чыгып окшобогон майда агындарды калпташтырган булак суусу сыяк кылым карыткан таарыхтын өзгөрүү барышында негизги идияси, кандырга окуялыгы бирдей болгон түрдүү варыянттарды жергиликтүү элдин коомдук абалына жер жагдайына турмуш салтына карай калыпташтырганын былып алабыз. Эми булардын бир-биринен негиздүү айрымаланатурган окуялыктарын караштырып көрөлүү.

№ жүсүп мамай варыянты сагынбай орозбак варыянты жусуп кенже айтымы

1 - манастын мекеге ажыга барышы -

2 манастын турпанда эгин эгиши - -

3 кыргыздардын таралышы манастын түпкү аталары тек жакыптын төрөлүшү бар

4 - манастын текес баатырды өлтүрүшү манастын талас баатирменен согушуусу

5 - манастын кайра тирилүүсү манастын оор жарадар болуусу барканайдын эмчегин эмген соң эсне келүүсү

6 бир кыйла сус бир кыйла сус манастын көкчө менен достошуусу

7 аккула жоо тараптан табылат аккула жоо тараптан табылат аккуланын баяны бир кыйла сестималуу

8 мактымдын көз жарышы мактымдын көз жарышы мактымдын төрөшү башкача

9 чыйырды манасты төрөйт чийирди манасты төрөйт барканайдин манасты төрөшү башкача

10 манас олжолоп алат манас олжолоп алат манас менен накылайдын тою

11 семетей бөлөгүндө семетейдин чынкоко менен толтойду өлтүрүшү семетей бөлөгүндө семетейдин чынкоко менен толтойду өлтүрүшү семетей бөлөгүндө семетейдин чынкоко менен толтойду өлтүрүшү башкача

Жусуп кенже айткан «манас» эпосунун биринчи бөлүгүндө алдынкы жарым окуялыктардын мазмун жактан бир далай окшобостуктар бар. Алып айтсак манастын ата- бабалары жана ошол кездеки кыргыздардын абалы туурасында азыраак эле маалымат берилип окуялык жакыптын атасы жалаңбаш садыктан башталат. Жалаңбаш садыктын лакамынын келиш таарыхы, жана анын балага зар болуп жүрүп бир балалуу болгону атын жакып коюп үч жашка чыкканда кайтыш болуп жакып тайын туугандардын колунда көрбөгөнү гөр болуп жебегени бок болуп чоңоёт. Жардылыктан кепичи жыртылып бөлүнүп буту чыгып калгандыктан жарты кепич жакып атка конгону, андан кийин ошол бегаали байга жалчылыкка кирип отузга жашы чыкканча мал багып жүрүп кызырга учурап батасын алып кийин барканай менен турмуш куруп мал жаны көбөйүп бай болуп кан болуп калганы, алдагы узунга чейин балалуу боло албай жүрүп ыйык мазарга барып сыйынып түш көрүп түшүндө жети аксакал алмаберип акырында барканайдын боюнда калып манас төрөлөт. Барканай манасты кыйла машакатта төрөйт жети аял баланы зорго көтөрөт. Бирок жүсүп мамай варыянтындакындай тулумдуу укмуш болуп туулбайт. Манастын турпанга барып эгин эккен окуялыгы көзгө чалдыкпайт. Аккуланын жакыптын куу байталынан айдың көлдө көлдүн ичинен чыккан тоодой ак айгыр менен кошулушкандан кийин төлдөгөн тайы болуп чыкканы жана бири бөтөндүк. Жана бир эрекче болгон окуялыгы болсо манас баатырдын талас баатыр менен согушканы. Бул окуялык жусуп кенже варыянтында салмактуу орунда турат. Анткени окуялыктын баяндалышы бир кыйла толук инчике ары фантазыялык түсү

коюу. Бул манастын эң байыркы сыйкырдуу жомок түсүн алган айтымы, памыр ооз- эки аткаруучулугунун типик варыянты деген көз карашты ырастоого далыл боло алат[ ]. Манас менен накылайдын тою деген окуялыгында накылай кыргыздын эле кызы болуп айтылат. Манастын атасы жакып уулума окшош кызды таап үйлөймүн деп көп жерлерди кезет. Бирок таба албай башы катат. Кайтып келе жатып азыраак үйүлүү бир айылга кез келет. Жакып шаакулу байдын үйүнөн издегенин табат. Дароо эле жуучу киргизет. Шаакулу бай макул болот. Жакып үйгө кайтып тойго камылга көрөт. Манас накылайды сынамакка сары таздын кийим-кечесин улоосун мынып накылайдын айлына барат. Манастын келгенин угуп накылай утурлап чыгат. Манастын ал кебетесин көрүп айлына жолотпостон көөдөңгө нектеп өргөсүнө кирип кетет. Манастын ачуусу келип кечиндеси кийим дерин алмаштырып жасанып алып манас накылайды көргөлүү шаакулубайдын айлына барат. Накылайдын ак өргөсүндө бираз айтышуулардан кийин накылай жаңылыш түрдө канжар саят. Манас алаканы менен тосуп накылайды ыргыта тээп кетип калат. Караганда бул жүсүп мамай варыянтындакы манастын канкей менен той болгондо жеңесине карабай жанына барып канкейден бычак жеген окуялыгына окшошуп кетет. Ал эми манас баатырдын көңтөйдү сайшы деген окуялыкта каткалаң көңтөйдүн баатыр колбашчысы болуп айтылат. Ал эми жүсүп мамай аксакалдын варыянтында жакыптын тууганы болуп сүрөттөлөт. Мындай окуялыктардын окшошуп же алмашып калышы аркайсы доор жомокчулар, манасчылар өздөрүнүн эрекчелиги, угармандардын талабы боюнча айтуу түйүнүн жаңылап ошондон улам кылымдар бою көбөйүп саймаланып турганын далилдейт[ ]. Андан башка сыргак серектин төрөлүшү, манастын шыгай канга барышы, булдурсун камчынын чоо-жайы, манастын ордо салдырышы сыяктуу окуялыктар да аздыр -көптүр алды - артына жылышып айрымаланып турат. Экинчи бөлүмү семетейде семетейдин үргөнүчкө барышы деген окуялыктарында канчоро кеп-сөзгө шыктуу келин кызга ыктуу деп кыздардын жанына жумшалат. Жүсүп мамай варыянтында күлчоро барат. Семетейдин чынкожо менен толтойду жоготуу барышындакы кырк канаттуу карайбоз тулпардын канатын кырык күн сактап жатып атып түшүргөнү да көркөмдөштүрүлүп фантазыя менен жуурлуштуруп айтылат. Эпоско мындай мифтик, сыйкырлуу жөө жомоктук касийетти бир- бирине жуурлуштуру бул байыркы варыянт саналат[ ]. Кандардын манаска элчи жумшашы дегенден баштап көкөтөйдүн ашы, манас баатырдын бейжинге аттанышы, баатырлардын чалгыны, чоң казаттын башталышы, коңурбайдын качышы, манастын чын каканды алышы, коңурбайдын манасты жараландырышы, баатырлардын өлүмү, манастын таласка келип оо дүйнөгө сапар алышы жана узатуу, манастын гүмбөзүнүн салынышы семетей ден семетейдин балалык чагы элин табышы, чынкоко менен толтойдун акунхан шаарын басып алуусу, айчүрөктүн семетейди издеши, айчүрөктүн акшумкарды алып качуусу, семетейдин үргөнчкө барышы, семетейдин айчүрөктү алышы, семетейдин чынкоко менен толтойду өлтүрүшү, семетейдин айчүрөктү алып таласка кетиши сыяктуу манастын кийинки окуялктар негизинен окуялыктын алды - аркага жылышын, сүрөттөнүн толук же эместигин эсепке албаганда чоң өзгөрүү болбогон. Окуялыктар эпостун негизги агынын бойлоп өнүгүп өзгөрүп барган. Окуялыктардын мындай сыйпаланып айтылышы же толугу менен билинбей калышы аркайсы манасчылардын варыянттарынын кемчилдиги менен артыкчылыгын көрсөтүп берет. Ошол үчүн биз «манас» эпосунун аркайсы варыянттарын салыштырып изилдегенде салмактуу болуп кылдаттык менен матириялистик таарыхй тургудан туруп жан-жактылуу, ичкерилей изилдөө алыпбарганыбызда гана калыс баалай алабыз[ ].

2- кейипкерлердин аттарындакы окшобостук

Жусуп кенже варыянтындакы жарыкка чыккан кейипкерлер төмөндөкү гирафикте көрсөтүлгөндөгүдөй.

№ жүсүп мамай вариянти жусуп кенже вариянти № жүсүп мамай вариянти Жусуп кенже айтымы
1 орозду кан садык бий 16 Көңтөй көңтөй
2 жакып жакып 17 Каткалаң каткалаң
3 - бегаали 18 Үмүт үмүт

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | шыгай | шыгай | 19 | Тайталаң | тайталаң |
| 5 | бакдөөлөт | бактыкан | 20 | Эркамбыл | эркамбил |
| 6 | - | акмерген | 21 | эр дөөлөт | эр дөөлөт |
| 7 | чйырды | барканай | 22 | - | кундуз(казак) |
| 8 | манас | манас | 23 | - | жылдыз(кыргыз) |
| 9 | балта | балта | 24 | Шаатемир | шаатемир |
| 10 | мактим | мактим | 25 | Канкей | канкей |
| 11 | - | чалказак | 26 | Агеркеч | агеркеч |
| 12 | көкчө | көкчө | 27 | Арууке | арууке |
| 13 | - | назыркуу | 28 | - | шамсыя |
| 14 | коңурбай | коңурбай | 29 | Алманбет | алманбет |
| 15 | жолой | жолой | 30 | Азызкан | азызкан |
| 31 | - | жаңлбек | 52 | Жүйрөндөө | жүйрөндөө |
| 32 | - | талас | 53 | Эсенкан | эсенкан |
| 33 | малабек | малабек | 54 | бир мскал | бир мскал |
| 34 | синчибек | синчибек | 55 | Бокмурун | тоз мурун |
| 35 | кошой | кошой | 56 | Нескара | нескара |
| 36 | бакай | бакай | 57 | Мурадыл | мурадыл |
| 37 | - | медетбек | 58 | Жолой | жолой |
| 38 | мажик | мачеке | 59 | эр төштүк | эр төштүк |
| 39 | сыргак | сыргак | 60 | - | мусайып |
| 40 | серек | серек | 61 | Музбурчак | музбурчак |
| 41 | чубак | чубак | 62 | Эршууту | эршууту |
| 42 | төкөр уста | төкөр уста | 63 | эр багыш | эр багыш |
| 43 | бөлөкбай | белекбай | 64 | Толтой | толтой |
| 44 | аалы | аалы | 65 | Чынкожо | чынкожо |
| 45 | - | давит | 66 | Эркөкүл | эркөкүл |
| 46 | - | шаакулу | 67 | Шыпшыйдар | шыпшыйдар |
| 47 | накылай | накылай | 68 | ак балбан | ак балбан |
| 48 | - | агешен(аккуртка) | 69 | Абике | абике |
| 49 | - | көгешен(көк куртка) | 70 | Көбүш | көбүш |
| 50 | кыргыл чал | жээренче баатыр | 71 | Сартаз | сартаз |
| 51 | каракул | каракул | 72 | Каракан | каракан |
| 73 | жамгырчы | жамгырчы | 80 | Акункан | акункан |
| 74 | күлчоро | күлчоро | 81 | Айчүрөк | айчүрөк |
| 75 | канчоро | канчоро | 82 | Семетей | семетей |
| 76 | чачикей | чачикей | 83 | - | олжобай |
| 77 | көкмончок | көкмончок | 84 | - | жети аксакал |
| 78 | эламан | эламан | 85 | - | камаркул |
| 79 | - | сарыкулбек | 86 | - | ак урум |
| 88 | - | эр дөөлөт | 87 | - | көк урум |

Жусуп кенже айткан манаста жалпы токсонго жакын кейипкердин аты тилге алынат. Мунун ичинде алмашып калган кейипкерлерден: накылай шаакулу деген кыргыз байдын жалгыз кызы, жүсүп мамай варыянтында жоодон олжого алат. Каткалаң душмандын баатыры, жүсүп мамай варыянтындажакыптын тууганы болуп баяндалат. Каракул талас баатырдын жылкычысы жүсүп мамай варыянтында коңурбайдын жылкычысы болот. Аты алмаш же жакын кейипкерлер: барканай манастын энеси, жүсүп мамай варыянтында чыйырды манастын энеси, жакыптын атасы садык бий жүсүп мамай варыянтында орозду кан, бактыкан жакыптын аялы жүсүп мамай варыянтында бакдөөлөт деп айтылат. Мажик, көкчө, бокмурун, бөлөкбай айрым айрым мачеке, көкөчө, тозмурун, белекбай деп айтылат. жусуп кенже варыянтында өзгөчө бар болгон кейипкерлер :

Садык бий: манастын чоң атасы
Бегаали: жакыптын айлындакы бай. Кийинки баяндардан караганда жакып байдын тууганы болсокерек. Анткени бегаали байдын баласы шыгай. Кыргыздар тарап кеткенде шыгай коконго кетет. Манас коконго барып шыгайга жардам берет. Ошондо шыгай өзүнүн манастын тайкеси болотурганын айтат.
Акмерген: жакып байдын айлындакы мерген. Ал адаал кан - тери менен уучулук кылыпэлин баккан.
Чалказак: казактардын бабасы Назыркуу:
калмактардын бир кыйыны.
Жаңлбек: кыргыз, талас жергесинин мурдакы каны.Талас:
жаңилбектин баласы
Эр дөөлөт: кыргыз казак элдеринин түп атасы деп жамгырчынын сөзүү аркалуу айтылат. Кундуз (казак):эрдөөлөттүн эгиз балдар, казактардын түп атасы катары алып жамгырчынын сөзүү аркалуу айтылат.
Жылдыз (кыргыз): эрдөөлөттүн эгиз балдар, кыргыздардын түп атасы катары алыпжамгырчынын сөзүү аркалуу айтылат.
Шамсыя: шаа темирдин аялы теги урумдан,манаска аголпокту берет.
Медетбек: кыргыз атактуу түш жооруучу.
Мусайып: музбурчактын атасы.
Давыт: аккелте мылтыкты жасаган пайганбар. Эшендер кийин анын осыяты боюнча аккелтемылтыкты манаска тапшырып берет.
Шаакулу: кыргыз, жакыптын кудасы, накылайдын атасы.
Агешен(аккуртка): манастын арамзада туугандары.
Көгешен(көк куртка): манастын арамзада туугандары.
Сарыкулбек: кыргыздар тараган кезде сарколго барып жайлашкан кыргыздын байы.Жээренче баатыр: кырк чоронун башчысы.
Олжобай: айчүрөк семетейди издеп жөнөгөндө учураган биринчи киши.
Жети аксакал: жакыптын түшүнө үч жолуу кирет. Батасын берип көздөн кайып болотайтканы келет.
Камаркул: кыргыздар тараган кезде музтоого барып жайлашкан кыргыздын байы.Ак урум: накылайдын жакын күңү.
Көк урум: накылайдын жакын күңү.
Жогоруда түшүндүрмө берилген кейипкерлерден бөлөк калган кейипкерлер жүсүп мамай варыянтындакы кейипкерлер менен окшош атта жана окшош окуялык милдетти аткарат. Салыштыруудан жусуп кенже варыянтындакы кейипкерлерди эки чоң топко бөлүүгө болот. Биринчи манас эпосунун негизги окуялыктарына катышкан кейипкерлер манас, жакып, коңурбай, чубак,бакай көкөтөй.ж. б Ушул сыяктуу. Экинчи эпоско жандама берилген же кыстарылган кошумча кейипкерлер талас, жаңилбек, агешен-көк эшен, кырык канаттуу карайбоз ж.б Ушул сыяктуу. Бул кейипкерлер жүсүп мамай варыянтында жок. Кейипкер чыгармада окуялык менен бирге жүрөт. Ал болсо окуялыкты айкындап өнүктүрө турган касийетке ээ. Мындан мындай эки кортундуну чыгарууга болот. Бири жусуп кенженин варыянты башка варыянттарга окшош эле эпосто башка эпостордун окуялыгын жуурлуштуруп эпостун мазмуунун ого бетер байытып не деген таң каларлуу өзгөчөлүктү калыпташтырып турганын айкындайт. Мындай өзгөчөлүк аркандай эле эпосчулук өнөрүндө бар боло бербейт. Манас эпосундай океан сындуу чыгармалар гана ушундай касийетке ээ. Мындай башка эпос мазмуунун жуурулуштыра билүү бул манасчылардын улуу өнөрдү ээлегенин белгиси болуп баамдалат. Эпоско кыраакылык менен үңүлө карай турган болсок анын окуялыгы негизинен өзөктүү окуялыкты түзгөн мазмундар жана башка эпос мазмунун сиңдирген окуялыктан куралган. Алып айтсак манастын төрөлүшү, каруу-жарактары, алманбеттин келиши, көкөтөйдүн ашы, бейжинге баруу, чоң казат, манастын өлүмү, гүмбөзүнүн салынышы сыяктуу бир канча негизги окуялыктын мазмундары бар. Андан башка жаңилбектин жакыпты четке кагышы, манастын талас баатыр менен согушканы,

манастын накылай менен тою, кулчоронун чынкоконун кырык канаттуу карайбоз атын атып түшүрүп өлтүрүшү сыяктуулар эпоско жуурулуштурган окуялыктар жусуп мамай варыянтында айтылбайт. Жана бири эпостун кылымдар бою оздон оозго көчүү барышында таарудай чачылган кыргыздардын өздөрүнүн жаграпыялык орун, дынный ишеним, ой- санаа, өндүрүш сыясый курулма сыяктуу жактардакы окшобостугуна карай эпостун түрдүү айтымдарын калыпташтырганына далыл боло алат.

3-мотивынын өзгөчөлүгү

Мотив болсо бир окуялык ичиндеки эң кичик бирдик болуп, жөрөлгөлүү бөлүк ичинде уланат. Ушундайча анын адаттан тышкары адамды тасирлендирүү күчү бар. Басым көп сандагы мотив үч түргө бөлүнөт. Биринчи окуялыктагы мотив- теңир же адаттан тышкары жаныбар же жез кемпир, желмогуз, пери сыяктуулардын роху, же болбосо адамдардын обуразы, мисали татынакай бөбөк же болбосо таш боор өгөй эне. Экинчи түрдөкү мотив сиюжеттин белгилүү бир арка көрүнүшү- сыйкырдуу курал, өзгөчө жөрөлгө, таңкаларлуу ишеним сыяктулар. Үчүнчү түрдөкү мотив болсо бир ыңгайдагы иштер- алар басым көп сандагы мотивды камтыган[ ]. Жусуп кенже варыянтында бул үч түрдү мотивдын баары бар. Мисали батырдын өзгөчө төрөлүшүнө байланыштуу бала тилөө мотивы, өзгөчө боюнда калуу, өзгөчө төрөлүү, тездекте чоңоюу, бала кезинде эле баатыр болуу сыяктуу бир катар мутивдер, батырлар менен сүйлөшө турган, акылдуу, батырлардын жакын жан шериги болгон тулпарга байланыштуу мотив талас баатыр менен чынкожонун карайбоз тулпарлары; кайра төрөлүү(же өлгөндөн кийин кайра тирилүү) көз карашы, манас баатыр талас баатыр менен согушуп кайтып келип алты күн эсине келбей жатат, энеси барканай келип эмчегин оозуна салгандан кийин гана эсине келет. Изилдөөчү мамбеттурду мамбетакун «кыргыз ооз эки адабиятинин памыр мектеби» аттуу эмгегинде манас эпосунун паамыр варыянтындакы окуялык мотивын мындай 10 түрүн көрсөтөт. (1)баласыздыктан кордук көрүү(2) алма жеп бойкат болуу (3) эненин курсагында сүйлөө (4) тулпардын баатыр менен бир убакытта туулушу(5) манастын тез чоңоюшу(6) балага ат коюу(7) манастын нөөкөржийиши(8) манаска аял издөө (9)манастын болочок аялы менен болгон талаш жана каргыш(10)манастын өлүмү жана кайра тирилүүсү[ ]. Бул мутивдер башка залкар манасчылардын варыянттарында сыңдырылып турганын жат кароого болбойт [ ]. Ал эми изилдөөчү адыл жуматурду түрүк тилдүү улуттардын жөрөлгөлүү баатырдык эпостордун окуялыгын негизинен төмөндөгү үдөй курулма бирдиктерине жана мутивдерине (мотив тобуна) бөлгөн :

(1) баатырлардын аксөөк үй-бүлөсүнөн келип чыгуусу, атасы падыша же аксөөк
(2) ата-енесинин жашы улгайып, баласы жок айынан азаптануусу
(3) бала тилөө мурасымын өткөрүүсү
(4) энесинин укмуштуудай бойкат болуусу
(5) баланын төрөлүдөн мурун башкалардын кастоосуна учуроосу
(6) баатырдын укмуштуу төрөлүүсү, ошондой эле теңирдин (же теңир тартуу кылган ) баласы деп кароо
(7) баатырдын тулпарлары баатырлар менен тең төрөлүүсү .
(8) ат коюу мурасымын өткөрүүсү, даайыма олуялар аларга ат коюп берет
(9) баатырдын балалык кездеринде жетим болуп азап тартып чыңалуусу
(10) баатырдын элден айрыкча болгон талантын көрнүктөндүүрүсү
(11) ата -бала ортосундакы мээримдүүлүк жана кек
(12) баатырдын тулпарына, соотуна жана согуш куралдарына ээ болуусу
(13) баатырдын келечектеги зайыбынан кабар табышы
(14) баатырдын келечектеги зайыбын издөөгө аттануусу
(15) келечектеги кайын журтунун сынагынан өтүүсү (келечектеги зайыбы менен же ошол кызга куда түшүүчү башка бир баатыр менен адистик боюнча басакеге түшүүсү )
(16) той жасоо
(17) сапардакы кыйынчылык
(18) баатырдын түшүндө аян болуу

(19) баатырды кастарлап кан көтөрүү
(20) адилеттүүлөр менен биргелешүү
(21) душмандын чабуулдап кирген (же журтунун булаң - талаңга учураган ) кабарын угуу
(22) баатырдын улуу сапарга аттануусу (же көп ирет сапарга чыгуусу ) жана жеңишке жетүүсү
(23) кармалып калуусу
(24) жер астына кирүүсү (же зынданга ташталуусу )
(25) ички чыккынчынын сатылышы же астыртан кастык ойлоосу
(26) падышанын кызына (же сыйкырлуу куш, жын шайтан) ээ болуусу ошондой эле тулпарынын жардамы
(27) баатырдын бир өлүп тирүүлүсү ( же жер үстүнө чыгуусу же зындандан качып чыгуусу )
(28) чабуул жасоочуларды же укук тартып алуучуларды жазалоо
(29) баатырдын жарадар болуп курман болуусу(махабат үчүн өлүү)
(30)баатырлардан ыйык гүмбөзүнүн салынышы

Жогорудакы мотив же мотив топторуна негизделип жусуп кенже варыянтындакы манас эпосунун мутвдердин төмөнкүдөй бирканча түрүн атап көрсөтүүгө болот. ⑴ атасынын мансаптар бай болушу(манастын атасы чириген бай ары бий болгон) ⑵ балага зар болуу(жакып,балта, чалказак жаштары кыйлага барганча балалуу боло албай балага зар болот)⑶кичинекейинде катуу кыйналуу(жакып кичинесинин атасынан жетим калып жарты кепич жакып аталып жүрүп жебегени бок болуп,көрбөгөнү көр болуп чоңоёт) ⑷түшүндө белги болуу(манас төрөлүүдөн мурда жакыптын түшүнө жети аксакал кирип алма берип балалуу болушуна бата берет, мактым эки ак жыланды түш көрөт сыргак менен серек туулат, манас түш көрөт алманбет келет) ⑸ олуянын алмаберүүсү(манас төрөлүүдөн мурда жакыптын түшүнө жети аксакал кирип алма берип балалуу болушуна бата берет,) ⑹ айбанаттар төрөсүнө талгак болуу(барканай сумурук куштун каны менен арыстандын жүрөгүнө талгак болот) ⑺ дабдабалуу той же аш өткөрүү(манас төрөлгөндө же бирер жакшылык болсо 30күн той берип 40күн оюн ойноо болот)⑻балага ат коюу(манаска жети аксакал ат коёт) ⑼курсакта баланын сүйлөшүү(манас төрөлүүдөн мурда атасына сүйлөп жер которуп көчүүсүн айтат) ⑽ баланын өзгөчө төрөлүүсү(манас төрөлгөндө адаттакы балдардан алдаканча чоң болуп жети аял кыйналып жүрүп көтөрөт) ⑾ баланин кичинекейинен эле баатыр болуусу(манас бала кезинен эле жыгачтан курал жарак жасап ойноп балдарды ээрчитип ууга чыгат) ⑿ жоодон кордук көрүү(камбил карашаар деген калмактаран беш баатыр чыгып аяланадакы айрыкча кыргыз элин катуу кыйнайт ) ⒀ тулпарынын өзгөчө болушу(манастын тулпары аккула айдиңкөлдөн чыккан ак айгыр менен жакыптын куу байталынан туулат) ⒁ жоо-жарагынын өзгөчө болушу(манастын ачалбарс кылычы менен аккелте мылтыгын эшендер мекеден алипкелип берет, ак олпокту кайненеси шамсыя берет,шымыны канкей тигет башка курал жарактарын төкөр уста белекбей бүтүрөт)

⒂ аялинн жараландырышы жана каргышы(манас накылайдын жанына барганда канжар менен жараландырат, манас акуртка менен көк курткалардын сөзүнө ачууланып накылайды булдурсун камчы менен чаап кетип калат, ошондо накылай манасты каргайт)⒃баатырын оор жараланышы(талас баатыр манасты оор жараландырат коңурбай манасты жараландырат)⒄ майдандакы катуу салгылаш(ар иретки согушта баатырлар катуу кармашып жарактары сынып, каптаган калың аскерден асман көрүнбөй калат) ⒅ баатырдын өзгөчө колдоочулары(манас баатыр ар жолуу жоого беттешкенде алыпкаракуш, жолборс, кулжа сыяктуу колдоочулары болот) ⒆ баатырладын баатырдык сыпаттары(баатырлардын кең көкүрөк сом даалы тууралжын бакырыгы баш жарган сыпаттары бар) ⒇келечек аялынын баатырды сындашы(накылай манасты сындайт, айчүрөк семетейди сындайт)(21)атасынын баласына кыз издөөсү(жакып манасты үйлөө үчүн манаска кебетелеш кызды издейт) (22) баатырдын өлүп кайра тирилүүсү(манас баатыр талас баатыр аткан октун сапкысынан

сыйкырдуу гүмбөздө алты күн жатат) (23)гүмбөздүн салынышы эпостун(манаска гүмбөз салдырат).
Эпостун мотив өзгөчөлүгүн тамай көрсөтүп берүү үчүн саякбай калайев варыянты, жүсүп мамай варыянты жусуп кенже варыянтын негизги мутивдерин төмөнкүдөй гирапалаштирип салыштырабыз:

мотивсаякбай калайев вариянти жүсүп мамай вариянти жусуп кенже варыянты
Бала тилөө мутиви бар(касийеттүү мазарга барып түнөө) Жок бар
Ажайып бойкат болуу мотивы бар(олуя түшүнө аян болуп алма жейт) Жок бар
Баатырдын өзгөчө төрөлүү мотивы жок бар(тулум ичинде сүйлөйт, төрөлгөн кийиналты аял жерден көтөрө албайт) курсакта сүйлөйт
Олуянын ат коюу мотивы бар анык эмес(бир кемпир түктүү баланы көрүп ошондо ага ат коёт) жети аксакал ат коёт
Тез жетилүү мотивы анык эмес(балалык мезгилинде батырдык жоруктарын көрсөтөт) бар(туулуп алты күндөн кийин ачыркайт, жети күндө путу чыгат, алты жашында аял алат) бар
Жаман ата мотивы бар(анык эмес) бар бар(анык эмес)
Атасынын сапарга аттанып, балдарына аял издөө мотивы бар бар бар
Батырды сыноо, жучулукка баруу мотивы бар бар бар
Жалгыз көздүү дөө мотивы бар бар жок

Мотив эликтир чырактын караңгыда айлананы жарытып бергени сыяк окуялыкты таасирдүү, көрнүктүү кылып айгенелеп берет. Жогорудакы талкуу жана салыштыруудан биз жусуп кенже варыянтындакы мутивдердин башка түрүк тилдүү эпосторунун тактап айтканда жүсүп мамай аксакалдын варыянтындакы мутивдер менен негизинен бирдей болуп жалпы тургудан караганда тамырлаш жана ажырагыс байланышта экенин көрүп алабыз.

4-тил жактакы эрекчелиги

«манастын тили жатык тил, маанысы терең бышык бил» дегендей манас эпосунун тил эрекчелиги да башкача. «манас »епосу тилдин кишилердин байланыш жасоо куралы гана болуп калбай аркайсы доордоку таарыхый окуялардын сүрөтүн тил тамгасы аркалуу өзүнүн кызыл боюна сыңдырып, өз доорунун маданый мурастарына мурагерлик кылуу роолун адамзатка ого бетер дааналап таанытат. жусуп кенженин айтымындакы «манас» эпосунун тили башка варыянттакы эпостордун тили аткарган таарых, маданиятти кара боюна жашырып ага мураскодук кылып чебер тил менен баяндап берүүдөн турган тил функиссиясинда негизинен айрыма жок[ ]. Тек гана сөз иштетүү жана фонетикалык жагында азыраак айрымалыкты сактаган. Бул жерде макаланын көлөмү себептүү ошол айрымасын гана талкуу кылабыз.

Атактуу изилдөөчү манас таануучу мамбеттурду пирафессордун «паамыр кыргыздарынын оозеки адабиятинин паамыр мектеби» аттуу эмгегинде «манас »епосунун памыр варыянтынын тил өзгөчөлүгүн беш түрдүү түйүнгө жыйнактаган. ⑴ Кара сөз менен ыр аралашуу формасы ⑵ ыр курулмасы, муун сааны, уйкашы өлөңдүк нускада айтылуу ⑶ колдонулган истилистикалык ыкмалар өз алдынча калыптанган туруктуу нагыз уйкаштарынан куралган болуп ойду кайталап күчөтүү аргасы көп жолугат ⑷ аткарган ообону башкача, жерлик фонетика күчтүү ⑸ архайкалык мутивдери арбын[ ]. Биздин баамдашыбызча жусуп кенже варыянтынын тил өзгөчөлүгү мамбеттурду пирафессордун кортундундусуна шай келет. Мындан башка тил этноними жактан караганда ыр формасы менен кара сөз формасында чечмелеп айтууну биргелештирүү анын жана эрекчелиги саналат. жусуп кенже эпостун башталышын карасөз менен баштайт. Андан соң ыр менен айтып кетет. Жөрөлгөлүү салт-санаа, кейипкерлердин лакамдары, ырым-жырымдардын келүү төркүнүн чечмелеп айткан жерлери бар. Мисали : жусуп кенже илгери өткөн заманда жалаңбаш садык деген журт сураган киши болгон экен. Анын лакамы жалаңбаш садык деп аталганын себеби ал киши башкалар менен сүйлөшкөндө тебетейин колуна алып сүйлөөчү экен. Садык бий элүүгө жашы чыкканча балалуу боло албай балага зар болот. Деп баштап

кетет. Эпосто жакыптын манасты үйлөмөк болуп шаакулу байдын үйүнө барып кыз сурайт. Шаакулу бай макул болот. Ошондо жакып ордунан тура калып кудасынын мүрүнө ун себет. Тойлордо жакшылыктын белгиси катары ун чачышуунун ушундан калганын баяндайт. Ушундай чечмелеп баяндоолор бир канча жерде кездешет. Эпостун бул түрдүү эрекчелиги элдин таарыхын этнонимин казуу, маданиятин иликтөө сыяктуу жактардан маңыздуу кунарга ээ.

Дияликтик көөнөргөн сөздөр биркыйла көп. Мисали : ①амеки тууган - бир курсак туугандарнан бөлөк тугандары ② бешик боосу көгөргөн - көп балалуу болгон,гүлдөп - өскөн үй-бүлөө ③ өрө кийиз - даяр болгон кийиз, бул кийизге эчкандай жасалгалоо киргизилбеген болот. Бул кийиз ак үйдүн кийиздери,үзүктөрү,тутулары жана шырдак сыяктуулардын чийки матырыялы болот. ④жалчыман - жанчыман, мычкыма нан. Нанга сарымайды аралаштырып жасаган тамак түрү.⑤ Назары түшкөн куш-өз кезинде пайганбарлар же олуялардын айрыкча мамилесине ээ болгон куш.⑥ Шүтүрү бара- тайлактын этинен жасалган нашталык таам. ⑦калча-галча башкаларга жагынып жүрмө пас мүнөздүү адам. ⑧эмелдеш - Бир энени эмген балдар сыяктуу бир бөлүк сөздөр бар. Мындан бөлөк башка тилдерден атап айтканда ханзу жана моңгул тилнен кирген сөздөрдөн бир канчасы бар. Мисали ① суңдатуу-кытайлардын бакшысына барып көрүнүү. Алманбет түшүндө дозок менен бейишти көрүп үйдөкүлөрүнө насаат кылып мусулман болгула десе үйдөкүлөрү аны адашып калыптыр деп ханзуулардын эмчилерине суңдатканы айтылат. Азыр деле ханзу эл арасында бул эмчилик бар. ②жыңзы таш- алтын (金子)таш. Кандардын баш кийимине бекитилген алтын таш. Алманбеттин кийимин алмаштырып жыңзы таш тагынып коңурбайлардын кыргыздарды кантып жоготуу туурасында ачылган жыйындарына жашырын катышканы айтылат. ③ Мөндү- моңгул тоңгус тектүү элдердин теңирине жалбарган сөзү болсо керек. Эпосто согуш болгондо жоо батырларынын мөндүлөп уран чакырганы, калың жоо аскердин мөндүлөп качканы айтылат. Мындан башка эпосто бирдалай араб парыс тилинен кирген сөздөр бар.

5- «манас» эпосун үйрөнүп улантуучулугу

Кыргыздар арасындагы«манас» эпосу бир нече кылымдан бери ооздон-оозго урпактан- урпакка таралып XIX- кылымдын акыркы мезгилдеринде анан китеп бетине жазып калтырылып, XX- кылымдын баштарына келгенде чыныгы басма нускасы бар болуп, аста- аста кагаз бетине турактандырылган. XX-кылымдан илгери кыргыз элинин жазуусу аалы жалпылашпаган байыркы доорлордо өздөрүнүн маданият жана башкаларын оозчо таратып сактап келгени талашсз чындык. Коомдун өнүгүүсү менен кыргыз элинде да жазуу жалпылашып өздөрүнүн маданият жана башкаларын кагаз бетине түшүрүп жаңы доор өнүгүүсү менен шайкеше башташты. Ушуну менен кыргыздардын кылым картып жөрөлгөгө айланган ооз-еки өнөрпоздугу кырыска учурай баштады. XX- кылымга келгенде, айрыкча

XX-кылымдын кийинки жарымынан баштап манасчылардын арасында саабаттуулардын сааны барган сайын көбөйүп, жалаң гана устазына сөөнүп манас үйрөнүүдөн китепке сөөнүп манас үйрөнүүгө оошуп кеткен. Бирок жусуп кенже эпосчулук өнөрүн ооз эки байыркы жөрөлгөдө айтып жана улантып келген. Анткени баарыга белгилүү памыр тоолорунда жашаган кыргыздардын табыгый шарт -жагдайы начар, каттоо оңтойсуз агартуу иштери көп артта калган. Бул жердеки кыргыздар маданият, тарых иштерин тек ооз эки айтуучулукка сөөнүп улантып келген. Жана бир жагынан караганда китеп формасындакы «манас» үйрөнүү ыкмасынын кайра- кайра окуу, таратуу жана түбөлүктүү кемелдүү, эрежелүү түрдө сактоо сыяктуу оңтойлуулуктары ары абзелдиктери бар болсо да кишилер «манас» эпосу угуу жана көрүү аркалуу уланып келген угуучу менен манасчы бир денелешкен ооз-еки асемдик өнөрү деп эсептешкен[ ]. Жана бир жагынан караганда, жусуп кенже варыянтында формалалашкан жөрөлгөлүү курулма, сүйлөм, сөздөр кенен кездешет. Булардын бар болушу эпостун оозеки түрдө жөрөлгөлүү улантып келгенинин жана бир далылы болот.

Кыргыз эл арасындакы жана мамлекет ичы-сыртындакы «манас» таануучулар манасчы айткан мазмундун аз-көптүгүнө карай «үйрөнчүк манасчы», «чала манасчы », «чыныгы

манасчы», «чоң манасчы» деп бир канча даражага бөлгөн[ ]. Эпосчулардин даражасы жагынан караганда, жусуп кенже оозеки формада үйрөнгөн оозеки тирүү формада уланткан чыныгы манасчылар катарынан орун алат. Чыныгы манасчы дегенибиз, узун мезгилдүү манас айтуучулук кыймылы аркалуу эпостун көп бөлүк мазмуунун ийгерген, манас айтуу кыймылында өзнө таан аткаруучулук жөндөмүн дайындап, эпос аткаруусунда жогору чокуга жетип калган манасчылар тобун көрсөтөт. жусуп кенже де чыныгы манасчыларга таан жөндөм бар.

6- аткаруудакы эрекчеликтер

«манас» эпосу болсо «жайлоо» сакнасында кылымдардан бери айтылып келген унвырсал эрекчеликке ээ чыгарма. Эпосчулук өнөрүндө манасчы менен угарман кем болсо болбойт. Анткени эпосчу эпосту калың эл арасында гана айтып элдин жарпыны жазат. Угармандар болсо манасчыга улам дем берип шыктандырып сүрөп турат. Манасчылар айтуу барышында обон, кол аракети, дене кыймылы, доoштун өзгөрүшү сыяктууларды эркин колдонуп эпос мазмунунун өзгөрүүсүнө шай баймабай өзгөртүп айтып барат. жусуп кенженин манас аткаруудакы эрекчелиги доошу төмөн (жашанып калгандан болсо керек ), ыр саптары тыкан, бир келки ыргакта болуп арбир окуялыкты баштаганда акырын баштап бара-бара окуялыктын кескиндешүүсүнө ээрчий айтуу ретими тездеп доошу да тездеп жогорулап барат. Анын айтуусуна караганда мурда кол аракети жана дене кыймылы кошо болгон. Бирок манас тарбиялоочулардин айтышы боюнча аларды таштап жөн эле айта турган болгон. Сөздү жыйнактап айтканда, жусуп кенже айткан манас эпосунун окуялыктарында окуялкытын, мутифдердин, кейипкерлердин алмашып калуу, кошулуп калуу, түшүп калуу абалдары бар. Жусуп кенженин айтымындакы «манас» эпосунун тили башка варыянттакы эпостордун тили аткарган таарых, маданиятти кара боюна жашырып ага мураскодук кылып чебер тил менен баяндап берүүдөн турган тил функиссиясинда негизинен айрыма жок. Тек гана сөз иштетүү жана фонетикалык жагында азыраак айрымалыкты сактаган. Атап айтканда ⑴ кара сөз менен ыр аралашуу формасы⑵ ыр курулмасы, муун сааны, уйкашы өлөңдүк нускада айтылуу⑶ колдонулган истилистикалык ыкмалар өз алдынча калыптанган туруктуу нагыз уйкаштарынан куралган болуп ойду кайталап күчөтүү аргасы көп жолугат ⑷ аткарган ообону башкача, жерлик фонетика күчтүү⑸ архайкалык мутивдери арбын. Мындан башка тил этноними жактан караганда ыр формасы менен кара сөз формасында чечмелеп айтууну биргелештирүү анын жана эрекчелиги саналат. жусуп кенже эпостун башталышын карасөз менен баштайт. Андан соң ыр менен айтып кетет. Жөрөлгөлүү салт - санаа, кейипкерлердин лакамдары, ырым - жырымдардын келүү төркүнүн чечмелеп айткан жерлери бар. Дияликтик көөнөргөн сөздөр сөздөр биркыйла көп.

Жусуп кенже эпосчулук өнөрүн ооз эки байыркы жөрөлгөдө айтып жана улантып келген. жусуп кенженин манас аткаруудакы эрекчелиги доошутөмөн (жашанып калгандан болсо керек ), ыр саптары тыкан, бир келки ыргакта болуп арбир окуялыкты баштаганда акырын баштап бара-бара окуялыктын кескиндешүүсүнө ээрчий айтуу ретими тездеп доошу да тездеп барат. Дене кыймылы жана кол аракети болбой эле аткарат. Бирок эпостун негизги окуялыктын курулмасы, мазмуну, эпосчулук өнөрү сыяктуу жактардан негизинен окшош. Тактап айтканда чоң тулкудан бирдей, кичи жактан айрым барктар сакталган. «манас» эпосу атпай элдин орток руху байлыгы. Анын кылымдар бою өнүгүү барышында калыптандырган түрдүү варыянттары кудум теректин бутак - шактары сымал бир тамырдан башталып өсүп- өнүгүп чыкканын, окуялыктары жана түпкү идиясинин бирдей экенин көрүп алабыз.

**Пайдаланылган адабияттар:**

[1] Абдылдажан акматалийев:«кыргыз тылынын түшүндүрмө сөздүгү»[М], эвразия басмасы, бишкек. 2011-жыл.

[2]Мамбеттурду мамбетакун:«манас эпосунун варыянттары жана аткаруучулук »[М], шинжаң эл басмасы, 1997- жыл.

[3] Адыл жуматурду: «ооз-еки салт жана баатырдык эпос»[M], борбордук улуттар унвирстетбасмасы, 2009- жыл.
[4] Лаңйың :«манаска аналыз» [M], ички моңгул унвирстет басмасы.
[5] Стй Томсон:«дүйнө эл жомокторун түргөө болүү илими», жиңхай, жиңван сыяктууларкоторгон, Шаңхай:Шаңхай көркөм-өнөр басмаси, 1991-жил, 499-бет.
[6] Ваң юан шин :«тил назарыясы жана тил методу»[M], бейжин : борбордук улуттарунвирстети, 2009-жыл.
[7] Адыл жуматурду:« түрүк тилдүү улуттардын баатырдык эпос курулма формасына анализ
», түндүк батыш улуттар унвирстети журналы 2011-жыл 2-сан.
[8] Мамбеттурду мамбетакун: « паамыр кыргызДарынын оозеки адабиятынын паамыр мектеби »[M], шинжаң эл басмасы, 2009-жыл.
[9] Самар мусайев : «манасчылык эрежелери», манас энискилопедияси [M], 2- түрмөк, кыргызыстан, бишкек, 1995-жыл.
[10] Адыл жуматурду:«‹манас› эпосу жана ысылам дини» [J], элдик маданият талкуу,шинжаң атайын жорналы.
[11] 2012-жылы борбордук улуттар унвирстетинин жаңдың жың мыяв доңша сыяктуулар бирлешип түзгөн «орто азыя элдеринин тил маданыят изилдөөсү» аттуу эмгекте аталган мектептин перафсору токтобүбү ысак кызы «памырдын түпкүрүндө сакталган манас» аттуу макала.